23) депутаттардын өздөрүнүн ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөктөшүү үчүн жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан коомдук башталышта коомдук жардамчыларды тартуунун тартибин бекитүү;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жергиликтүү жамааттын Уставына ылайык башка маселелерди чечүү.

**3-глава.Нурманбет айылдык кенешинин ишинин принциптери.**

3.1.Айылдык кеңеш өзүнүн иштерин төмөнкү принциптерге негизденүү менен жүзөгө ашырат:

1) Ушул Регламентте белгиленген учурларды кошпогондо, ачык айкындуулук;

2) Өзүнүн ыйгарым укуктарын элдин кызыкчылыгында аткаруу;

3) Элдин жана өз шайлоочуларынын алдында жоопкерчилик;

4) Эл аралык укуктун жалпы таанылган ченемдерин сактоо жана урматтоо;

5) Конституцияны жана мыйзамдарды, ушул Регламентти жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын сактоо;

6) Пикирлерди эркин билдирүү жана айылдык кенештин ченемдик укуктук актыларды камтыган чечимдерин жергиликтүү жамааттын сын-пикир, сунуштарын эске алуу менен кабыл алуу;

**4-глава. Нурманбет айылдык кеңешинин жана анын органдарынын ишин пландаштыруу**

4.1. Айылдык кеңеш жана анын туруктуу комиссиялары бир жылга планын түзөт. Айылдык кеңештин планы тууралуу маселе биринчи сессия өткөрүлгөн соң кийинки сессиянын күн тартибине киргизилет.

4.2. Айылдык кеңештин иш планы айылдык кеңештин төрагасынын орун басары, туруктуу комиссиялардын төрагалары, айыл өкмөтүнүн башчысы жана айыл өкмөтүнүн катчысы менен бирдикте айылдык кеңештин төрагасы тарабынан түзүлөт, зарылчылыкка жараша айыл аймагында жайгашкан уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин жетекчилери чакырылат.

4.3. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиясынын иш планы айылдык кеңештин иш планынын негизинде туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү,айыл өкмөтүнүн тишелүү адиси,айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы, айылдык кеңештин төрагасы, айыл өкмөтүнүн башчысы бирдикте түзүлөт.

4.4. Иш планына бир жылдын аралыгында айылдык кеңештин сессияларында, туруктуу комиссиянын жыйналыштарында кароого чыгарылган маселелер киргизилет.

4.5. Айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын ишин пландаштыруу айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссияларынын кароосуна иш планына киргизилбеген башка маанилүү маселелерди киргизүүгө чектөө койбойт.

4.6. Айылдык кеңештин курамы, туруктуу комиссиялардын курамы, ошондой эле иш пландары айыл аймагынын маалымат тактайларында документтердин көчүрмөлөрүн жайгаштыруу аркылуу маалымдалат.

**5-глава. Айылдык кеңештин төрагасы жана аны шайлоонун тартиби**

5.1. Айылдык кеңештин төрагасы айылдык кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнө айылдык кеңештин сессиясында жашыруун добуш берүү аркылуу депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат.

5.2. Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди көрсөтүү укугу төмөндөгүлөргө таандык:

— депутатка (өзүн өзү көрсөтүү же башка депутатты талапкер кылып көрсөтүү);

— саны 2 депутаттан аз эмес депутаттардын тобуна.

Ар бир депутат же депутаттардын тобу бир талапкерди көрсөтүүгө укугу бар.

5.3. Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна депутаттын өзүн өзү көрсөтүү тартибинде талапкерлигин көрсөтүү депутаттын талапкер болуп катталуу ниети жөнүндө төрагалык кылуучуга арыз берүү жолу аркылуу жүргүзүлөт.